# ЕВРО БАНКНОТУНУН АНЫКТЫГЫН КАНТИП БИЛСЕ БОЛОТ?

*Жогорку номиналдагы (50, 100, 200 жана 500) евро банкнотторунун аныктыгын текшерүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы төмөнкү коргоо белгилерин текшерүүсүн сунуш кылыт (мисалы 100 евро):*

**1.** Банкноттун негизги сюжетине дал келген каралжын, бозомук түстөрдүн айкалышында чагылдырылган **суу белги** жана ачык түстө берилген **номиналдын саны.**

**2.** Банкноттун кагазына киргизилген «100 EURO» деген жазууну камтыган каралжын түстөгү **коргоо тилке.**

**3.** Жазуулар, номиналдын ири саны жана негизги сюжет рельефтик ыкма менен басылган.





**4. Күмүш түстөгү голограмма** банкнотту оңго-солго кыймылдатып көрүүдө голограммадагы арканын сүрөттөлүшү номиналдын санына өзгөрөт. Голограмманы жарыкка салып көрүүдө голограмманын так ортосунда жайгашкан «€» белги, голограмманын периметиринде жайгашкан «EURO» микротексти жана номиналдын «100» деген санын көрүүгө болот.





**5. Түсүн өзгөрткөн боёк** - банкнотту өйдө-ылдый кыймылдатып көрүүдө номиналдын «100» деген санынын түсү сыя көк түстөн сыргылтым күрөң түскө өзгөрөт.

*Евро банкнотунун коргоо белгилери боюнча толук информацияны Европанын Борбордук банкынын сайтынан төмөнкү адрестен тапсаңыз болот: www.euro.ecb.eu*

*Чет өлкө валюталарын экспертизага кабыл алуу Адилет министирлигине караштуу Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборунда ишке ашырылат (т.66-78-63, адрес: Боконбаев көч. 97-үй).*